TÜRK TİLDÜÜ ÖLKÖLÖRDÜN PARLAMENTTİK ASSAMBLEYASI

ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК БОЮНЧА КОМИССИЯ

ТОГУЗУНЧУ ЖЫЙЫН

Нур-Султан, 2022-жыл 20-май

“ПАНДЕМИЯДАН КИЙИНКИ ЭКОНОМИКА: ЧОБТУ МАМЛЕКЕТТИК КОЛДОО”

СУНУШТАМАЛАР

Мүчө-өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык кызматташтыкты тереңдетүүгө өзүнүн умтулуусун **ырастап**;

Өлкөлөр менен дүйнөлүк өнөктөштөрдүн мындан аркы экономикалык кызматташуусу үчүн улуттук экономиканы калыбына келтирүү жана көтөрүү зарылчылыгын **түшүнүп**;

Чакан жана орто ишканалар мамлекеттик бюджетинин негизги үлүшүн түзөөрүн жана алардын туруктуу иштешине көмөк көрсөтүүнү **эске алып**;

Ар бир мамлекеттин 2030-жылга чейинки Глобалдык күн тартибин аткарууга жана Туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө умтулуусун **белгилеп**;

Чакан жана орто бизнести колдоо үчүн институтташтырылган системасы экономиканын туруктуулугуна өбөлгө түзөрүн **билдирип**;

Мамлекетте туура жана рационалдуу экономикалык жана салык саясаты бар экендигин эске алып бизнес үчүн жеңилдиктер анын гүлдөп-өнүгүшүнө жана мамлекеттин бюджетине түшө турган кирешеге алып келерин **эске алып**;

Экономикалык өнүгүү ар бир тармагында 4.0 өнөр жай революциясы менен байланышканына **көңүл буруп**;

Мамлекеттердин экономикалык саясатындагы жаңы тенденциялар жана пандемиялык кесепеттерге байланыштуу кырдаал глобалдашуудан экономикалардын протекционизмине өтүүнүн жаңы тенденцияларын ишке ашырып жатканын **эске алып**;

ТүркПА мүчө мамлекеттердин Парламенттерине жана Өкмөттөрүнө төмөнкү **сунушталат:**

- экономикалык саясатта жана башкарууда улуттук кызыкчылыктарды коргоо үчүн жана ошол эле учурда мүчө мамлекеттердин ортосундагы экономикалык кызматташтыкка зыян келтирбеген ыкмаларды кайра карап чыгуу;

- мамлекетти чакан жана орто бизнестин жана алардын укуктарынын негизги гаранты кылыш үчүн бардык күч-аракеттерди жана конкреттүү чараларды көрүү;

- мамлекеттерде чакан жана орто бизнести чыңдоо үчүн чакан жана орто бизнестин продукциясын экспорттук рынокто сатуу механизмин иштеп чыгуу жана мыйзамдык деңгээлде консолидациялоо;

- чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө тиешелүү мыйзам актыларынын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча өздөрүн ишке тартуу;

- өзгөчө айыл жеринде жана борбор шаардан башка аймактарда атайын программаларды иштеп чыгуу жана илгерилетүү, финансылык жеңилдиктерди, консультацияларды көрсөтүү жана башка иш-чаралары аркылуу аялдардын ишкердигин колдоо;

– чакан жана орто ишкердик жөнүндө мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду иштеп чыгууда статистикалык маалыматтарды жана изилдөөлөрдү пайдалануу;

– өлкөлөрдө чакан жана орто бизнестин туруктуу өнүгүшү жана өсүшү үчүн акча кредиттөөдө ислам банкингтин принциптерин карап чыгуу;

– өлкөлөрдө чакан жана орто бизнес үчүн консультация берүү кызматтарынын тармагын кеңейтүү;

– башка өлкөлөрдүн чакан жана орто ишканаларын колдоо боюнча жакшы тажрыйбаларды ишке киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу;

– чакан жана орто бизнести ишке ашыруу үчүн мыйзамдын деңгээлинде салыктын жөнүмдүү ставкаларды коюу жана шарттарды түзүү;

– мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөрдү көбөйтүү үчүн чакан жана орто бизнестин субъекттерине адилеттүү салык салууну камсыз кылуу боюнча мыйзамдарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

– мамлекеттер тарабынан кабыл алынышы мүмкүн болгон моделдик мыйзамдардын чегинде секторлор боюнча чакан жана орто бизнес боюнча так концептуалдык аппаратты (аныктамаларды) иштеп чыгууга көмөктөшүү;

– коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү жана бизнести көмүскөдөн чыгаруу үчүн экономиканы санариптештирүү боюнча мыйзамдык жана практикалык шаймандарды иштеп чыгуу;

– ТүркПА мүчө мамлекеттердин экономикалык ишмердүүлүгүнүн өз ара аракеттенүүсүнүн учурдагы логистикалык жолдорун өркүндөтүү жана ЧОБ товарларынын дүйнөлүк рынокко чыгуусуна көмөктөшүү үчүн транзиттик коридорлордун жаңы жолдорун кайра карап чыгуу;

– Астана эл аралык финансы борборунун (АЭФБ) базасында Түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүнүн электрондук (санариптик) соодасын өнүктүрүү боюнча эл аралык ассоциацияны түзүү;

– Электрондук (санариптик) сооданын бирдиктүү платформасынын долбоорун иштеп чыгуу максатында Түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүндөгү

рыноктун катышуучулары, ассоциациялары жана мамлекеттик органдары менен консультациялык жолугушууларды жана семинарларды өткөрүү (Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркия, Өзбекстан);

- Электрондук (санариптик) сооданын бирдиктүү платформасынын долбоорун иштеп чыгуу;
- Электрондук (санариптик) сооданын бирдиктүү платформасынын өнүгүшү жана андан ары жылдыруу үчүн Жол картаны иштеп чыгуу;
- Электрондук (санариптик) сооданын бирдиктүү платформасынын сынтоосун баштоо;
- Түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүндө болгон жана келечектеги экономикалык, транспорттук жана транзиттик коридорлорду өнүктүрүүдөгү чектөөлөрдү, тоскоолдуктарды аныктоо үчүн эл аралык изилдөөлөрдү жүргүзүү.